УДК 894.341

Акматова В.С.

*И.Арабаев ат. КМУ*

# К.ТЫНЫСТАНОВДУ АЙЫПТООДО «МАНАС» ЭПОСУ АРГУМЕНТ КАТАРЫ КОЛДОНУЛГАН

Кыргыз көркөм аң сезиминин калыптануусунда «Манас» эпосунун ролу чоң болгондугу талашсыз. Кыргыз адабиятынын өнүгүүсү эпос менен эриш-аркак тагдырлаш. Анын мына ошондой терең чырмалышкан учурларынын бири кыргыз көркөм сөз маданиятынын тарыхындагы урунттуу мезгилге туура келет. «Манас» эпосунун айланасындагы кызуу талаш-тартыштарды тыкыр иликтөөдөн улам А.Токомбаев менен К.Тыныстановдун ортосундагы адабий айкашка, конкреттүү «Академия кечелерине» кайрылуу зарылдыгы келип чыгат. Дегеле 20-30-жылдары «Манас» эпосуна байланыштуу ар тараптуу иш-чаралар К.Тыныстановдун ысымы менен тыгыз байланышта. Анын үстүнө К.Тыныстановдун оппоненттери атаандашын күнөөлөө үчүн «Манас» эпосун аргумент катары колдонушкандыгы да көз жаздымында калбашы керек. «Манас күмбөзү» аттуу ыры, эпосту жыйноо, басып чыгаруу, изилдөө, которуу иштери, театр үчүн эпостун негизинде пьеса даярдоосу К.Тыныстановдун илимий амплуасын түзүп турат. Анын үстүнө 1932-жылы, 1-апрелде Илимий-изилдөө институтунун элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнүн негизинде жоокердик-феодалдык коомдун (Манас) жана манапчылыктын (Шабдан) социалдык-экономикалык маңызынын бетин ачуу максатында академиялык кече уюштуруу демилгесин колдогон чечим чыгып, Кыробкомдун биринчи секретары Шахрай кол коёт. Ошону менен бирге Тыныстановго Манастын Кытайга жортуулунун эксплуататордук максатын, Шабдандын колонизатордук саясатын дагы курч кескин ачып берүү милдеттендирилген [1; 121]. Бул «Академия кечелеринин» биринчи «кечеси» 1931-жылы даярдалып, кыргыз улуттук театрынын сценасынан «Манасты» алып салуу 1933-жылы 29-мартта ишке ашырылган. Бул кеченин алгачкы эки картинасы «Манас» эпосуна арналган. Тилекке каршы чыгарманын тексти сакталып калган эмес. Эпостун театралдык жашоосу мына ушундан башталган.

«Буржуазиялык улутчулдар», «троцкисттер», «контрреволюционерлер» менен күрөшүү Москвадан чыккан газета-журналдардан башталып, жергиликтүү газеталардын беттерине да уламдан-улам чыгып турган. Буржуазиялык улутчулдарга каршы күрөшүүгө өзгөчө чыгармачылык интеллигенциянын арасында ыңгайлуу кырдаал түзүлгөн, анткени алардын арасында топтошуп (групповщина) каршылашуу орун алып калган эле. 30-жылдары кыргыз элинин алдынкы өкүлдөрү буржуазиялык улутчул катары күнөөлөнүшүп, анын кесепетинен улуттун салты, маданияты жабыркаган. Элдин ичиндеги башкача, алдынкы ой жүгүрткөн адамдар жок кылынган, чыгармачыл, ар тараптан өнүккөн уулдарынан ажыраган. «Биз сөз козгоп отурган мезгилдеги К.Тыныстановдун бүткүл практикалык, теориялык жана адабий- чыгармачылык ишмердиги анын советтик позицияда бекем тургандыгын ашкерелейт. Андай болгон соң анан эмне себептен ал «Академия кечелерде» одоно саясий каталарды кетирет. Дегеле ошол каталардын мүнөзү кандай?» - деп академик А.Эркебаев конкреттүү суроо коёт. 2) «Академиялык кечелердин» сахналаштырылган тексттеринин, кол жазмаларынын түп нускалары сакталып калган эмес. Алар тууралуу ошол мезгилде жазылган макалалар (А.Токомбаев «Академиялык кечеси» тууралуу //Кызыл Кыргызстан, 1932. - 24-февраль; «Академия кечесинин тыянагы» //Кызыл Кыргызстан, 1932. - 6-март; Касымдын каты тууралуу //Кызыл Кыргызстан, 1933. - 22-август; Адабият жат идеядан тазалансын //Кызыл Кыргызстан, 1933. - 8-август.) жана К.Тыныстановдун «Менин жолум, чыгармачылыгым, менин бетим» аттуу макаласында пьесалардын мазмунун баяндоосунан, автордун өзү тууралуу айткан маалыматтарынан кабар алабыз

(К.Тыныстанов Мой путь, мое творчество, мое лицо //СК., 1933. 3-июнь.).

30-жылдардагы коллективдештирүү жана бай-манапчылыкка жана кулактарга каршы таптык күрөш курчуган мезгилде К.Тыныстановдун драматургиялык чыгармачылыгына каршы жаңы кампания - «Академия кечелеринин» тегерегинде идеологиялык күрөш башталган.

К.Тыныстанов үч сюжетти тандап алып, аны «Академия кечелери» деп атайт. Биринчи драма «Манас» эпосуна, экинчиси Шабданга, үчүнчүсү жаш кыргыз совет акындарынын революция, совет темасындагы ырларынан куралган. К.Тыныстанов жетекчи катары бирге иштешүүгө чыгармачыл кесиптештери Ш.Көкөнов, Т.Сопиев, К.Жантөшевдерди тартат. «Академия кечелери» тууралуу идеологиялык талаш-тартыш кеңири жарыяланганы менен чыгарманын көркөмдүк табиятын ачып берген эмгектер жазылган эмес. Анан калса чыгарманын толук варианты изилдөөчүлөргө жеткен эмес. Алгач сценага коюлгандан кийин, ага айтылган сын-пикирлерден улам кыскартылган варианты да тинтүү учурунда тартылып алынып, жок кылынган өңдүү. Кийинчерээк изилдеген окумуштуулар автордун «Академия кечелерине» берген «Кеңештерине» таянышкан. Бул драмалык цикл автор тарабынан төмөнкүдөй аталган: «Пьеса. Кыргыз искусствосунун тарыхына арналган үч академиялык кече». К.Тыныстанов «Капитализм доору» (2 кече). «Көз көргөндөр» («Шабдан») деген 7 бөлүктөн турган тарыхый драмага түздөн-түз автор катары саналат. Биринчи драмада «Манас» эпосунан эки картина алынып, феодалдык доордун таптык мүнөзүн ачып берүүгө максатталган. Биринчи «Манас» жана экинчи «Шабдан» драмалары сахнага коюлгандыгын фактылар далилдеп турат. Пьеса колгандан тартып ага берилген баа идеологиялык жана саясий мүнөздө гана болгон. 1932-жылы 1-апрелдеги «Манас» жана «Шабдан» - биринчи жана экинчи пьеса кюлгандан кийин Киробком ВКП(б)нын катчылыгы Шахрай жана Исакеевдердин чечиминде эки тараптуулук орун алып, маселе курчуй баштайт. Бир жагынан «Академия кечелери» аркылуу элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде жоокердик феодалдык доордун социалдык-экономикалык маңызын («Манас»), манапчылыктын ролун («Шабдан») ачып берүү максатындагы Илимий-изилдөө институтунун демилгесин колдосо, экинчи тараптан Тыныстановго жана драм театрдын партуюмуна саясий каталарды жоюу милдеттендирилген. Анткени буга чейин эле К.Тыныстановду каралоо кампаниясы күчүнө кирип калган эле. Ал эми «Академия кечелери» ага кошумча, ыңгайлуу каскак болуп берди. «Манастын» айланасында да бир беткей позиция орун албастан, анын идеяларынын марксисттик-лениндик идеяларга туура келбестиги, пантүркисттик, панисламисттик идеялардын орун алгандыгы тууралуу маселелер козголуп калган болчу, мына дал ушул «кемчиликтер» К.Тыныстановдун оппоненттери үчүн таяныч-аргумент катары колдонулган.

Тыныстановдун «Кызыл Кыргызстан» (1932-ж. 4-март) жана «Советская Киргизия» (1932-ж. 6-март) газеталарына партиянын генералдык линиясын так сактоону убадалган макаласы жарык көрөт. Бирок ушул эле жерде газетанын редактору А.В.Гуревичтин Тыныстанов өзүнүн алаштын идеясын таратууну жана «Манасты» сахналаштырууу менен эл оозеки чыгармачылыгын идеализациялоону токтотпогондугун, саясий каталарын моюнуна албагандыгын, газета редакциянын атынан сын пикир айта тургандыгын билдирет.

1932-жылы, 14-мартта басма сөздө олуттуу саясий сын айтылып, Тыныстанов да тишелүү уюмдарга кайрылууларын жиберет. Бир жылга созулган кайым айтышуу күчөйт. Бирок катуу сокку Правда» газетасынын аты анча белгисиз кабарчысы, П.Мануйловдун К.Тыныстановдун Кыргыз улуттук театрында сахналаштырылган «Шабдан» драмасы тууралуу « Буржуазиялык-кулактык улутчулдуктун калдыктарын аягына чейин талкалайлы» (1933-ж., 7-март) аттуу макаласынан кийин болуп, К.Тыныстановдун тагдырындагы каргашалуу күндөр күчөйт. Бул макалада К.Тыныстановдун жогоруда

аталган спектаклдери «буржуазиялык-кулактык улутчулдуктун» көрүнүшү катары бааланган. «Манастан» буржуазиялык-кулактык улутчулдукту таап чыгуу «мезгилдин талабы» экендиги ачык эле көрүнүп турат. Чыгарманын мазмунунан улам оппонеттери койгон айыптардын негизсиз экендиги ачык эле байкалып турат.

Макалада Шабдандын образы аркылуу эски күндөрдү эңсөөсүн көрсөткөн, кулактык пьеса деп аталат. Анын үстүнө газетанын редакциясынын ЦК ВКП(б)нын Ортоазия бюросуна тиешелүү маселени карап чыгып, кабар берүүсүн милдеттендирген пикири кошо жарыяланат. ЦК ВКП (б)нын Ортоазия бюросу Киробкомго улутчул пьесаны тезинен алып таштоону сунуштайт. Көп узабастан Кыргызстан Жазуучулар Союзунда (1933-ж., 17-март) П.Мануйловдун макаласы талкууга алынат. Жыйналыш «Академия кечелеринин» антисоветтик идеяларды алып жүргөндүгү үчүн 1931-жылы эле А.Токомбаев тарабынан сындалгандыгы, макалада айтылган сын пикир эң туура экендиги баса белгиленет [3; 152]. Кыргыз совет жазуучуларынын сюзунун оргкомитетинин президиуму А.Токомбаевдин төрагалыгы астында чакырылып, анын курамында Тойчинов, Дөгдүров, Рахматуллин, Турусбеков, Жакишев, Шабданов, Шиваза, Морозова болуп, төмөнкүдөй чечим кабыл алынат: 1. «Правда» газетасындагы макалада берилгендер туура деп табылсын.; 2. «Академия кечелери» аркылуу эскплуататорлук таптын идеологиясын ырдаган антисоветтик идея берилген.; 3. буржуазиялык-улутчул идеяны советтик театрга алып чыккан пьесага тыюу салынсын (ЦГАПД КР. Ф.10. Оп. 5. Д. 115. Л.16-17.)

Маселе андан ары ошол мезгилдин саясий процедурасына ылайык Республикадагы партиянын улуттук саясатына каршы буржуазиялык улутчулдарга каршы күрөштү күчөтүү жана «Правда» газетасына жарыяланган макалага ылайык БКда «Академиялык кечелердин» саясий маңызы каралат (1933-ж., 29-март). Обкомдун бюросу «Академия кечелеринин» желегине таянып К.Тыныстанов (Көкөнов, Сопиев, Жантөшевдер менен авторлошуп) кыргыз театрынын сахнасынан улутчулдукту пропагандалап, бай-манапчылыкты реставрациялоону көздөп жаткандыгы белгиленет. Кыргыз адабиятына алаш-ордочулук буржуазиялык-улутчул идеяны жайылтууну К.Тыныстанов көздөп жаткандыгы үчүн айтыпталат жана К.Тыныстановго кетирген каталарын ачык ашкерелөө милдеттендирилет [5; 10]. Натыйжада Киробком ВКП (б) 1933-жылы өзүнүн токтому менен «Академия кечелеринин» эки драмасын - «Манас» жана «Шабданды» алып салууга буйрук чыгарат. Токтомго Киробкомдун секретары Шахрай кол койгон. Талаш-тартыш ушуну менен логикалык аягына чыгышы керек эле, бирок каршы тараптар муну менен эле чектелишпей, дагы курч, каралоо мазмунундагы макала даярдашат.

Көп өтпөй Тыныстанов Шахрайга пьесанын котормосун жана өзүнүн «Кеңештерин..» жиберет. Автор өзү белгилегендей өз ара органикалык жактан байланышта турган үч кеченин биринчи кечеси «Манас» эпосуна арналат. Мына ушул кече тууралуу түшүндүрмөсүндө «Манас» эпосунун дүйнөлүк оозеки чыгармачылыктагы орду, кыргыз элинин поэтикалык ыйык мурасы экендиги баса белгиленип келип, бирок кеченин негизги максаты эпостун таптык маңызын ачып берүү экендигин айтат. «Манас» жоокердик-феодалдык доордо жаралып, өзүнүн мазмунун ар бир доорго ылайыкташтырып, диний-улутчул жана пантүркисттик идеяларды сиңирип алган. Мына ушундан улам да «Манас» артта калган эмгекчилердин арасында өзгөчө белгилүү болуп, бай-манаптардын куралына айланган. Мына ошон үчүн да «Манастын» таптык маңызын ашкерелөө, материалисттик талдоого алуу зарылдыгы келип чыгат». Автор «экинчи картинада Манастын чыныгы жүзү көрсөтүлөт. Ушул картинада ыйык, коргоочу Манасты эмес, чыныгы талап-тоноочуну, биздин учурдун тили менен айтканда чыныгы басмачыны көрөсүздөр. «Биздин» Манастын негизинде «Пекинге улуу ыйык жортуул» тууралуу материалдар орун алган. Бул жортуулда Манас өзүнүн Алманбети менен бирге Пекинге карапайым кытайларга жардам берүү максатында эмес, Кытайды талап-тоноо

үчүн жортуул уюштурганы көрсөтүлөт»,-деп белгилөөгө аргасыз болгон [6; 159]. Эпосту жыйноо, басып чыгаруу, жайылтуу иштерине жан оту менен берилип ак эмгегин сиңирген адам кантип ушундай ойго келмек эле? Партиянын адилетсиз зордук-зомбулугу жашоосунда туу туткан инсандык, илимий принциптерин К.Тыныстановдун кечип кетүүсүнө мажбурлаган.

Адабияттар:

1. Касым Тыныстанов: Талант и судьба. Сб. док. /Сост. Д.Кызаева, Г.Гуля. -Б.,2011. – 121-б.
2. Касым Тыныстан уулу. Адабий чыгармалар. -Б.: Адабият, 1991. – 189-б..
3. Касым Тыныстанов: Тала удьба. Сб. док. /Сост. Д.Кызаева, Г.Гуля. -Б., 2011. - 152-б.
4. Судьба эпоса «Манаса» после Октября: Сб. док. /Сост.: Т.А.Абдыкаров, С.Р.Жумалиев. - Б.: Кыргызстан, 1995. – 10-б.
5. Касым Тыныстанов: Талант и судьба. Сб. док. /Сост. Д.Кызаева, Г.Гуля. -Б., 2011. – 159-б.